Исх: № 43
29.09.17г.

Кыргыз Республикасынын Президентинин администрациясына
Кыргыз Республикасынын Генералдык Прокуратурасына
Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук комитетине
Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине
Кыргыз Республикасынын борбордук шайлоо комиссиясына

КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 01-13/0482
«30» 09 2017 ж/г

Ошон райондук этностор аралык коомдук консультативдик кенештин мүчөлөрүнүн атынан

## КАЙРЫЛУУ

2017-жыл 15-октябрь Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо күнү жакындаган сайын Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкерлердин шайлоочулар менен жолугушуу учурунда сүйлөгөн сөздөрүндө, өздөрүнүн кызыкчылыгы үчүн мыйзам бузууларга, улут аралык араздашууга үндөгөн чакырыктары да учуроодо.

2017-жылдын 28-сентябрында Президенттикке талапкер О.Т. Бабанов Ош шаарынын Он-Адыр кичи районунун шайлоочулары менен жолугушкан учурда кыргыз эли менен өзбек элинин ортосунда чоң араздашуунун пайда кылуучу кастанууга бара турган орой, одоно сөздөрдү сүйлөгөн. Ал сөзүндө: "Өзбек калкым, чогулуп туруп жашаганча, тике туруп өлгөн жакшы"-деген сөздөрдү колдонуп, анча унутула элек, кыргыз-өзбек жарасын тырмап, ачыкса келген. Ошондой эле сөздөрүнүн арасында " Өзбек бир туугандарым коркпогула, эгерде силерге бирөө тийишсе, баарыңар чогуу келип талагыла"- деген пикирдеги сөздөрдү айтып, эки элдин ортосундагы жакшы мамилелерди бузууга үндөгөн.

Биз, Ошон райондук этностор аралык коомдук консультативдик кенештин мүчөлөрү Президенттикке талапкер О.Т.Бабановдун шайлоочулар менен жолугушкан учурундагы көп улуттуу кыргыз элинин ынтымагына,биримдигине шек келтирген сөздөрүн интернет аркылуу, маалымат массалык каражаттары аркылуу угуп, тынчсызданып жатабыз, Президенттикке талапкер О.Т.Бабановдун жоопкерчилигин карап, мыйзам ченемдүү тийиштүү чараларды көрүшүңүздөрдү сурайбыз.

Кайрылуу Ошон райондук этностор аралык коомдук консультативдик кенештин 2017-жылдын 29-сентябрында өткөн шашылыш отурумунда кабыл алынды.

Ошон райондук коомдук консультативдик этностор аралык кенештин төрагасынын орун басары Э.Абдыраимов.

Ошон райондук коомдук консультативдик этностор аралык кенештин жооптуу катчысы Ж.Алиев.